КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА

**Эл ичинде инфляция деген термин өтө кооптуу экономикалык акыбал катары кабылданат. Түшүнгөн адамга ал өтө коркунучтуу деле эмес. Инфляция анын экономикадагы оң, терс таасири тууралуу КР Улуттук банкынын Экономика башкармалыгынын макроэкономикалык анализдөө жана финансы рыногуна иликтөөлөрдү жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Автандил АЛЫБАЕВ айтып берди.**



# Баалардын өзгөрүшү эмнеге байланыштуу?

**– Инфляция калк үчүн дайыма өтө курч маселе эмеспи. Айтсаңыз, азыркы учурда инфляциянын деңгээли кандай жана эмне болуп жатат?**

- Ооба, баалардын өзгөрүүсү адамдарды дайыма тынчсыздандырат. Мисалы, эт же кумшекерге баа көтөрүлсө, өлкөдө дагы инфляция деп ойлошот. Бирок бул мындай эмес. Алгач мен “инфляция” деген сөз эмнени түшүндүрөт ошол тууралуу түшүнүк бере кетсем. Инфляция – бул экономикадагы товарлар менен кызматтардын жалпы бааларынын туруктуу өсүү тенденциясы. Бул аныктамада “туруктуу” жана «жалпы» деген маанилүү эки сөз бар. «Туруктуу» дегени – бул инфляциядагы узак процесс, ошондуктан аны баалардын бир жолку көтөрүлүшүнөн айырмалоо зарыл. Ал эми «жалпы» деген сөз экономикадагы орто деңгээлдеги баалардын өсүүсүн билдирет. Инфляция “керектөөчүлөр корзинасынын” негизинде эсептелинет. Буга орто статистикалык жаран колдонгон, кеңири тараган 370 товар жана кызмат көрсөтүүлөр кирет. Ар бир товарга болгон баа ар кандай болушу мүмкүн. Айрымдары бир нече эсе кымбаттаса, кээ бири мурунку деңгээлде калып, үчүнчүсү болсо төмөндөп кетиши мүмкүн. Ошондуктан инфляциянын деңгээлин бардык товарлар жана кызматтардын салмагын эске алуу менен түзүлөт. Ал эми азыркы учурдагы инфляциянын деңгээли Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, март айында жылдык мааниде 6,3 пайызды түздү. Бул быйылкы март айын өткөн жылдын март айына салыштырганда азык-түлүккө болгон баа жылдык эсепте 5,4 пайызга жогорулаган, азык-түлүккө кирбеген товарларга баа 7,7 пайызга жогорулаган. Алкоголь менен тамеки 9,9 пайызга жогорулаcа, кызмат көрсөтүү 4,0 пайызга жогорулаган.

**- Сиз азыр баалар тууралуу айттыңыз, бирок эмнеге алар мындай өзгөрдү? Биздин өлкөдөгү баалардын өзгөрүү динамикасына кайсы негизги факторлор таасир этерине токтоло кетсеңиз?**

- Өлкөдөгү инфляцияга көп факторлор таасир этет. Баарынан мурун белгилей кетчү нерсе, республикадагы керектелүүчү товарлардын көпчүлүк бөлүгү сырттан импорттолот. Ошондуктан эгер импорттолуучу товарлардын баасы жогорулаcа, анда өлкөдөгү инфляцияга терс таасирин тийгизет. Экинчиден, керектелүүчү корзинанын жарымынан көбүн азык-түлүк түзүп, алардын баасы акыркы жылдары абдан өзгөрүлмө абалда турат. Бул өтө жогорку көрсөткүч. Мисалы, өнүккөн өлкөлөрдүн керектөө корзинасында азык-түлүктөрдүн үлүшү болгону 13 пайызды гана түзөт. Үчүнчүдөн, инфляцияга тарифтер менен акциздердин өзгөрүшү таасир этүүдө. Мисалы, электрэнергияга жана газга тарифтер, алкоголь жана тамекиге болгон акциздер. Экономикадагы акчалардын саны дагы негизги факторлордун бири болуп, баалардын динамикасынын өзгөрүүсүнө таасир этет.

**- Март айында борбордогу базарларда кээ бир азык-түлүктөргө баанын өсүшү байкалган. Ушул багытта кандай иштер жүрүп жатат?**

- Чын эле март айында айрым азык-түлүктөргө баалардын өсүшү байкалган. Негизинен импорттолгон товарларга карата баа көтөрүлдү. Андан башка жержемиштерге сезондук баа өсүү байкалган. 2014-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн буйругу менен ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлүп, курамына министрликтер жана ведомстволор менен бирге Улуттук банктын өкүлү да кирген. Жумушчу топ күндөлүк негизде өлкөнүн бардык региондорунда социалдык маанилүү товарлардын бааларына мониторинг жүргүзөт жана тийиштүү сунуштарды даярдайт.

**- Эмне үчүн бир өлкөдө инфляция төмөн, а бизде 20 пайызга чейин чыгып кетиши мүмкүн? Бул негизинен эмнеге байланыштуу?**

- Мен башында айткандай, бул бардык товарларга болгон баалардын динамикасына байланыштуу. Биздин республикадагы баалар тилекке каршы импорттун бааларынан өтө көз каранды. Ички рынокто өндүрүш өтө төмөн болуп, калктын керектөөлөрүн канааттандырбайт. Эгер биз өндүргөн товарлардын бардыгы калктын ички керектөөсүн канааттандырбаса, анда Россия менен Казакстандагы баалардын өзгөрүүсү, ташып келүү үчүн пошлинанын жогорулашы республиканын ичиндеги бааларга түз таасирин тийгизет. Бул деген буудай, май жана мунайзат өндүрүүчү өлкөлөрдүн бааларынын динамикасына инфляция өтө көз каранды экендигин түшүндүрөт.

**- Сиз баалар тарифке, өндүрүшкө байланыштуу деп жатасыз. Ал эми Улуттук банкта инфляцияны көзөмөлдөө үчүн кандай механизмдер колдонулат, чечмелеп берсеңиз?**

- Акча кредит саясатын жүргүзүү үчүн Улуттук банк бир катар куралдарды колдонот, алар: ачык рыноктогу операциялар (Улуттук банктын ноталарын чыгаруу, мамлекеттик баалуу кагаздарды экинчилик рыногунда сатуу жана сатып алуу, анын ичинде репо шарттарында), валюта рыногундагы операциялар, милдеттүү резервдик талаптар, эсептик чен, депозиттик операциялар, кайра каржылоо операциялары. Экономикада инфляциялык тобокелдик биртоп жогору учурда инфляциянын монетардык түзүмүн төмөндөтүү максатында Улуттук банк “катуулатылган” акча кредит саясатын жүргүзөт. Бул экономикадагы акчалардын санын чектеп, атургай айрым учурда анын санын кыскартуу дегенди түшүндүрөт. Эгер инфляциялык кырдаал кооптонууну жаратпаса, анда экономиканын өсүшүнө өбөлгө түзүү үчүн баанын абалынан кооптонбостон Улуттук банк экономикага акчаны сунуштоону көбөйтөт. Улуттук банк мындай учурда ноталарды айлантууга чыгарат же кайра каржылоо операцияларын жүргүзөт.

Дагы бир нерсени белгилей кетсем, ушул жылы Улуттук банк акча кредит саясатынын жаңы негиздерине өттү. Ал эсептик чен Улуттук банк тарабынан аныкталышы шарт. Башкы пайыздык чен рынокко акча кредит саясатынын багыты боюнча белги берет жана келечекте экономикадагы анын ролун күчөтөт. Азыр эсептик чен 6,0 пайыздык деңгээлди түзүүдө.

**- Кээ бир өлкөлөрдө инфляциянын негизги себептеринин бири катары мамлекеттик бюджеттеги тартыштык эсептелиши мүмкүн. Ал эми биздин өлкөдө кандай? Бюджеттин тартыштыгынын инфляцияга таасири барбы?**

- Эгер инфляциядагы монетардык факторду алсак, анда экономикадагы акчанын санына бир гана акча кредиттик саясат эле эмес, салык бюджеттик саясат дагы өз таасирин тийгизет. Учурда бюджеттин кескин тартыштыгынын таасири, ошондой эле мамлекеттик чыгымдардын жыл ичинде тең салмактуу болбошу дагы инфляциялык басымдын болушунун негизги бир себептеринен болууда. Бул багытта Улуттук банктын максаты экономикада ашыкча акча массасы айланбашы үчүн аны оптималдуу деңгээлде кармап туруу. Ошол эле мезгилде акча кредит саясатын жүргүзүү банк системасынын ликвиддүүлүгүнүн тең салмактуулугун камсыздап, баалардын кескин секирбешин жана коммерциялык банктардагы бош каражаттардын олку-солку болбоосун камсыздап, экономикадагы акчаны сунуштоонун тең салмактуу деңгээлин кармап турат. Ошону менен бирге салык бюджет саясаты инфляциянын монетардык түзүмүндөгү өзгөчө фактор болгондуктан, Улуттук банк менен Каржы министрлиги акча кредит жана салык бюджет саясатын ыкчам макулдашуу максатында ведомстволор аралык Координациялык кеңештин алкагында ар дайым жолугушууларды уюштуруп турат. Ушул кеңештин башкы максаты инфляцияны төмөндөтүү жана экономикалык өсүштү стимулдаштырууда иш аракеттерди координациялоо жана жоопкерчилик чөйрөсүн так аныктоо болуп эсептелет.

**- Республика боюнча баалардын кескин өсүп кетүүсүн болтурбоо үчүн бийлик тарабынан бааларды катуу көзөмөлдөө саясаты эффективдүү болобу?**

- Катаал кырдаал маалында социалдык жактан маанилүү азык-түлүктөргө административдик түрдө бааларды жөнгө салууну баалардын кескин өзгөрүүсүн болтурбоо куралы катары колдонсо болот. Бирок бааларды катуу көзөмөлдөө акыркы чаралардан болуп эсептелет жана ал убакыт боюнча чектелиши керек. Айыл чарбасын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү чараларды көрүү, жер азыктарын өндүрүү жана камсыздоо, баа дотацияларын берүү, товарларга баалар жогорулаган учурда социалдык камсыздандыруу системасын өркүндөтүү жана бааларды түзүү багытында реформаларды алдыга жылдыруу сыяктуу иш аракеттер жасалат. Ошондой эле биринчи кезектеги чаралардан болуп айыл чарба продукциялар рыногундагы алып сатарлык менен күрөшүү башкы максат.

**- Мисалы, мен жөнөкөй адам катары инфляцияны абдан терс көрүнүш катары кабыл алам. Бирок эмне себептен Япония сыяктуу айрым өлкөлөр инфляцияга жетүүгө аракет жасоодо?**

- Инфляцияны дайым эле жаман деген болбойт. Жалпы алганда, чоң эмес көлөмдөгү инфляция кошумча жумуш орундарын түзүп, ишкерлердин өндүрүшүнүн кеңейүүсүнө шарт түзүп, экономикалык өсүштүн стимулдашына алып келет. Ошол эле Япониядагы узак мезгилдеги дефляция экономикалык өсүштү басат, бул өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнө тоскоолдук кылат. Ошондуктан Япония бийлиги ылдыйкы деңгээлдеги көзөмөлгө алынуучу инфляцияга жетүүгө аракет кылууда. Акыркысы өндүрүүчүлөр тарабынан алганда чоң мааниге ээ. Мисалы, өзүңөрдү өндүрүүчүнүн ордуна койсоңор. Эгер сиз баалардын бир аз өсүүсүн көрүп турсаңыз, анда сиз кирешеңиздин өсүшүн күтөсүз, көп чыгара баштайсыз, көп пайда таба баштайсыз, бул сизге кирешеңиздин бир бөлүгүн жаңы өндүрүшкө, технологияга жумшоого, башкача айтканда өнүгүүгө шарт түзөт. Ошондуктан инфляция жалаң терс көрүнүш катары кабыл алынбашы керек.

**„Биздин республикадагы баалар тилекке каршы импорттун бааларынан өтө көз каранды. Ички рынокто өндүрүш өтө төмөн болуп, калктын керектөөлөрүн канааттандырбайт. Эгер биз өндүргөн товарлардын бардыгы калктын ички керектөөсүн канааттандырбаса, анда Россия менен Казакстандагы баалардын өзгөрүүсү, ташып келүү үчүн пошлинанын жогорулашы республиканын ичиндеги бааларга түз таасирин тийгизет.**



Апсамат ЖУМАШЕВ